# СОТТУК-ДИН ТААНУУ ЭКСПЕРТИЗАСЫН ДАЙЫНДОО

**Бердибек уулу Шекербек**

*Лингвистикалык, дин таануу жана психологиялык экспертизалар башкармалыгынын эксперти*

**2022г.**

# Соттук – дин таануу экспертизасын дайындоо


ЧЕНЕМДИК-УКУКТУК БАЗА 1

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР 1

МОДУЛДУН МАКСАТТАРЫ 1

КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР 1

1.Жалпы жоболор

1.1. Соттук-дин таануу экспертизанын түшүнүгү 2

1.2. Соттук-дин таануу экспертизанын милдеттери жана объекттери 2

1.3. Соттук дин таануу экспертизанын түрлөрү 3

2. Соттук эксперттин корутундусу

2.1. Корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүү 5

2.2. Материалдарды аткаруусуз кайтарып берүү 6

3. Дин таануу экспертизасын жүргүзүүдө методологиялык мамиле

3.1. Соттук дин таануу адистеринин чечүүсүнө коюлуучу типтүү суроолор 8

3.2. Соттук-дин таануу экспертиза дайындоодогу мүнөздүү каталар 10

СУРООЛОР 12

## НОРМАТИВДИК-УКУКТУК БАЗА

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы
2. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодекси
3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык Кодекси
4. Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик Кодекси
5. Кыргыз Республикасынын «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» Мыйзамы 2013-жылдын 24-июну № 100.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


6. Загребина И.В., Пчелинцев А.В., Элбакян Е.С. Религиоведческая экспертиза – Москва 2018.
7. Кыргыз Республикасында дин таануу жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвистикалык экспертизаны жүргүзүү боюнча Колдонмо – Бишкек 2021.


## МОДУЛДУН МАКСАТТАРЫ

Курстун максаты - судьяларга негизги билимдердин комплексин, соттук-дин таануу (мындан ары СДТ) изилдөөнүн жалпы түшүнүктөрүн жана экспертизанын жаңы түрүн дин таануу экспертизанын дайындоодо сот органдарынын кызматкерлерине практикалык жардам көрсөтүү. Ошондой эле дин таанууга байланышкан экспертиза дайындоодо коюлган усулдук талаптарды сактоо боюнча сунуштамаларды берүү болуп саналат.

## КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР

**Модулдун аягында угуучулар төмөндөгүдөй маалыматтарга ээ болот:**

- соттук-дин таануу экспертизаны (СДТЭ); дайындоонун зарылдыгын өздөштүрүү
- дайындалуучу экспертизанын түрүн аныктоо;
- СДТЭ дайындоо боюнча материалдарды түзүү;
- СДТЭ дайындоодо мүнөздүү каталарга жол бербөө;
- суроолорду түзүү.

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.1. Соттук-дин таануу экспертизанын түшүнүгү

**Соттук-дин таануу экспертизасы** — Соттук дин таануу экспертизасы (СДТЭ) –дин жана анын өзгөчөлүктөрү жөнүндө маселени изилдөөнүн жана талдоонун бир түрү, анын максаты диний мазмундагы материалдарга/адабияттарга соттук экспертиза жүргүзүү, экстремисттик иштерге байланыштуу жазма жана оозеки тексттерди, кыска жазууларды, диний өңүттөгү символика, актрибутиканы, ошондой эле обьектин кайсы динге/ишенимге/ идеологияга таандыктыгын жана диний же диний эмес мүнөзүн аныктоо болуп саналат.

Дин таануу экспертиза – эксперттик изилдөөлөрдүн бир түрү, анын жүрүшүндө эксперттер/адистер динге байланыштуу материалдарды изилдеп, конкреттүү конфессияларды, диний топторду жана диний уюмдарды же жеке адамдарды - дин кызматкерлерин жана тигил же бул динди же ишенимди кармануучуларды талдап, алардын ишмердигине жана коом менен өз ара аракеттенүүсүнө эксперттик талдоо жүргүзөт. Социалдык топтор, жаңы диний окуулар жана алардын конфессиялык багыттары жана өзгөчөлүктөрү талданат, догма жана дин маселелери боюнча эксперттик талдоо жүргүзүлөт, динге ишенгендердин диний сезимдерин кемсинтүү максатында жасалган адамдардын коомдук (публикалык) аракеттери жана диний чөйрөдөгү экстремизмдин белгилери изилденет жана аныкталат. Ошондой эле, дин таануу илими жана дин боюнча атайын билимди талап кылган башка маселелер чечилет.

### 1.2. Соттук-дин таануу экспертизанын милдеттери жана обьекттери

**СДТЭ милдеттери**

**Диагностикалык**
Диний мазмундагы материалга жана берилген материалдардагы диний/дин аралык кастыкты, терминологияны, метафораларды, түшүнүктөрдү ачып берүү.

**Идентификация**
Символика жана атрибутиканын кайсы динге/уюмга таандык экенин жана конкреттүү диний объекттерге мүнөздүү мазмундардын КРнын аймагында ишмердүүлүгүнө тыюу салынган уюмдарга таандуулугун же эместигин аныктайт.

**Классификация**
Материалдардын кайсыл динге/конфессияга, диний уюмга же идеологияга тиешелүүлүгүн жана материалдардын диний же диний эмес мүнөзүн аныктоо.

**<u>СДТЭ обьекттери:</u>**

Соттук дин таануу экспертизанын объектиси болуп изилдөөгө берилген ишке тиешелүү:

1) диний маалыматтарды камтыган адабияттар же башка басма, аудио-видеоматериалдар;

2) конкреттүү адамга же топко/жамаатка карата диний өңүттөгү кайрылуулар;

3) диний мазмундагы документтер/материалдар;

4) диний мазмундагы текст, кеп, дискурс, сүрөттөр, символдор, атрибутикалар жана башка белгилер болуп эсептелет.

Ошондой эле, дин таануу экспертизасынын объектилерине бардык маалымат сактагычтарда камтылган диний багыттагы оозеки жана жазуу түрүндөгү тексттер (кагазда, электрондук жабдыкта, текстти чагылдырган бардык форматтагы файл, митингде, телеберүүдө, же башка бардык иш-чарадагы сөздөр, видео жана кинотасмалар, видеосюжеттер, аудио жана видеофонограммалар, Интернеттеги жана мобилдик байланыш каражаттарындагы аудио-визуалдык материалдар жана башкалар) кирет.

Дин таануу экспертизасын жүргүзүүдө креолдошкон диний мазмундагы тексттер дагы көп учурайт. Креолдошкон текст – текстурасы эки гетерогендик бөлүктөн турган текст: вербалдык (кептик) жана вербалдык эмес (табигый тилден башка белги системаларына таандык). Креолдошкон тексттердин мисалдары - жарнамалык тексттер, комикстер, коллаждар, плакаттар, ж.б. Экстремисттик диний уюмдар өздөрүнүн идеологиясын ишке ашырууда өздөрүнө таандык символдор менен бирге кыска тексттерди жана диний атоолорду колдонуу жана кээ бир сөздөрдүн адабий нормасынан бузуу менен өздөрүнүн тексттинде пайдаланышат.

### 1.3. Соттук дин таануу экспертизанын түрлөрү

**СДТЭ** мыйзамда төмөнкүдөй түрлөрү каралган**:**

- **Баштапкы / алгачкы экспертиза** - маселени чечүү үчүн иш боюнча биринчи жолу жүргүзүлүүчү эксперттик изилдөө.

- **Кошумча экспертиза** – негизги, баштапкы экспертиза жетишсиз болгон учурда дайындалат. **Кошумча** экспертиза негизги экспертизанын жыйынтыгы жетишсиз же буга чейин жүргүзүлгөн изилдөөнүн/экспертизанын толуктугуна байланыштуу суроолор пайда

болгон учурда жана жаңы пайда болгон суроолорду чечүү үчүн дайындалат. Кошумча экспертиза ошол эле экспертке, башка экспертке же эксперттик комиссияга тапшырылышы мүмкүн.

- **Кайталанган экспертиза** – баштапкы берилген эксперттик корутундунун тууралыгына шекетенүү жаралган кезде же канааттандыраарлык корутунду берилбеген учурда кайталап экспертиза дайындалышы мүмкүн.
  Кайталап экспертиза жүргүзүү милдеттүү түрдө башка экспертке же башка эксперттердин комиссиясына тапшырылат.

Ошондой эле, **кайталап** экспертиза дайындоого эксперттин корутундусунун иштин материалдарына каршы келиши, баштапкы экспертизаны жүргүзүүдө процесстик мыйзамдардын бузулушу, обьектини изилдөөнүн толук эместиги же эксперттин өзүнүн компетенциясынан чыгып кетиши негиз болушу ыктымал[1].

- **Комиссиялык экспертиза** - бир адистиктеги экиден кем эмес эксперттер/адистер тарабынан жүргүзүлүүчү экспертиза. Комиссиялык экспертиза татаал эксперттик изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл болгон учурда дайындалат.

Комиссиялык экспертизанын жыйынтыгына эксперттик комиссиянын баардык мүчөлөрү кол коюп, бирдиктүү корутунду чыгарылат. Эгерде эксперттердин жыйынтыктары ар башка болсо, эксперттердин ортосунда пикир келишпестиктер пайда болгон учурда алардын ар бири же башкалар менен макул болбогон эксперт өзүнчө корутунду берет.

Экспертизанын комиссиялык мүнөзү аны дайындаган орган же соттук-эксперттик уюмдун жетекчиси тарабынан аныкталат.

Башка ведомстволордун (ЖОЖдордун дин таануу кафедралардын адис окутуучулары жана көз карандысыз дин таануу жаатындагы адистерден) эксперттерин/адистерин тартуу менен комиссиялык экспертизаны дайындоодо экспертизаны дайындаган орган аталган ведомстволорго тиешелүү аныктаманы (токтомду) жиберет.

- **Комплекстүү экспертиза** – түрдүү адистиктеги эксперттер/адистер (мис., дин таанууч, психолог, лингвист ж.б.) тарабынан өз компетенциясынын чегинде жүргүзүлүүчү экспертиза. Ар бир эксперт жалпы корутундуга же өзү жүргүзгөн изилдөө бөлүгү жана жыйынтыгына кол коюуга акылуу.

[1] Кыргыз Республикасынын «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» Мыйзамы 2013-жылдын 24-июну № 100.

Баштапкы экспертизадан башка бардык түрлөрүн дайындоодо сот жана тергөө органдары экспертке мурдагы соттук экспертизалардын корутундуларынын жыйынтыктарын берүүсү максатка ылайык.

## 2. СОТТУК ЭКСПЕРТТИН КОРУТУНДУСУ

**Соттук эксперттин корутундусу –** соттук эксперттин атайын билимдердин негизинде эксперттин алдына коюлган конкреттүү маселелер боюнча жазуу жүзүндө берилген изилдөөнүн мазмуну жана корутундусу.

**Эксперттин корутундусу** - эксперт жүргүзгөн изилдөөнүн жүрүшүн жана натыйжаларын чагылдырган жазуу жүзүндөгү документ. Эксперттин корутундусу – жазык жана жарандык иш боюнча же тараптар тарабынан эксперттин алдына коюлган суроолорду чечүү үчүн жазуу жүзүндө келтирилген изилдөөнү жүргүзүп жаткан адам; **адистин корутундусу** - тараптар тарабынан адиске коюлган суроолор боюнча жазуу жүзүндөгү чечим.

Эксперт, тергөө же сот органдары тарабынан эксперттин чечүүсүнө коюлган суроолордун бирине же бир нечесине жооп бере албаган учурларда, анын себебин корутундусунун процессуалдык жана методикалык эскертмелер бөлүгүндө көрсөтөт.

### 2.1. Корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүү

**Корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүү эксперт тарабынан Мыйзамда[2] көрсөтүлгөн төмөнкү учурларда берилет/түзүлөт:**

- эгерде коюлган маселе дин таануу адисинин/экспертинин атайын билиминин чегинен чыкса;

***Мисалы,*** *1) "Изилдөөгө келген материал башка тилде болгон учурда (өзбек, урду, уйгур ж.б.)*

*2) "Экспертизага берилген материалдардын мазмунунда улуттук, расалык же аймактар аралык кастыкты козутууга багытталган чакырыктар (кайрылуулар) барбы?" - бул учурда маселе лингвист-эксперттин компетенциясына кирет.*

[2] Кыргыз Республикасынын «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» Мыйзамы 2013-жылдын 24-июну № 100.

- соттук экспертке берилген материалдардын корутунду берүү үчүн жараксыздыгына же жетишсиздигине байланыштуу;

***Мисалы,** Изилдөөгө келген материал (диск, телефон, ноутбук, ж.б.) жараксыз, изилдөө жүргүзүү мүмкүн болбогон учурда.*

### 2.2. Материалдарды аткаруусуз кайтарып берүү

Экспертиза жүргүзүү экспертке тапшырылат, ал берилген материалдарды изилдейт. Экспертиза жүргүзүү үчүн зарыл болгон материалдардын жоктугу такталган учурда, эксперт тиешелүү экспертиза дайындаган органга өтүнүч билдирет.

Мыйзамдын[3] 31-беренесине ылайык, материалдарды аткаруусуз кайтарып берүү төмөнкүдөй учурда жана негизде жүргүзүлөт:

- соттук экспертизага берилген материалдарды процессуалдык тариздөөдөгү кемчиликтер;

***Мисалы,** изилдөө учурунда материалдарды которуу талап кылынса же дин таануу адисинен башка адистиктеги (мис., лингвист же психолог) эксперттердин ишке катышуусу зарыл болгон кезде, эксперт экспертиза дайындаган органга өтүнүч жиберет. Белгиленген мөөнөттө эксперт канааттандыраарлык жоопалбаган учурда **материалды аткаруусуз кайтарып берүү**гө аргасыз болот.*

Ошондой эле, соттук экспертизаны жүргүзүүнүн зарылдыгы болбой калган учурда тергөөчүнүн, прокурордун, алгачкы териштирүүнү жүргүзгөн органдын жазуу жүзүндөгү талабы болгондо, материал аткаруусуз кайтарылып берилет.

**Жогорудагы кемчиликтердин натыйжасында эксперт өтүнүч жиберүүгө мажбур болот. Натыйжада экспертизанын мөөнөтү узарат.**

## 3. Дин таануу экспертизасын жүргүзүүдө методологиялык мамиле

Дин таануу изилдөө методологиясы төмөнкү принциптерге негизделет:

[3] Кыргыз Республикасынын «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» Мыйзамы 2013-жылдын 24-июну № 100.

- Экспертизанын илимий негиздүүлүгүнүн принциби;
- Объективдүүлүк принциби;
- Аксиологиялык-бейтараптык принциби;
- Эксперттин компетенттүүлүгү принциби;
- Эксперт тарабынан колдонулган корутундуларда ачык эместигинин жана түшүнүктөрдүн бүдөмүк болбошу принциби;
- верификациялык принциби.

Дин таануудагы изилдөө методдору дин феноменинин табиятына калыс мамиле кылуу менен мүнөздөлөт. Дин таануу эксперти догманы/динди талдоодо эксперт диний ишенимдердин чынбы же жалганбы деген суроого жооп бере албайт. Ошондой эле, дин таануу экспертизасын жүргүзүүдө эксперт диний ишенимдердин мыйзамдуулугуна баа бербейт.

Эксперттик изилдөөлөр сөзсүз түрдө диний аң-сезимдин өзгөчөлүгүн чагылдырган диний тексттердин өзгөчөлүгүнө негизделет. Ар бир дин өзүнүн чындыгын жана башкалардын жалгандыгын ырастайт, бирок бул анын экстремисттик мүнөзүн күбөлөндүрбөйт, тескерисинче, анын өзгөчө мүнөзүн чагылдырат. Эгерде башка дин өкүлү экинчи бир башка ишенимдин же диндин өкүлүнө, анын диний баалуулуктарына карата негативдүү иш-аракеттерди (куралдуу жихад, ) максаттуу түрдө ишке ашырууну же басмырлоочу/козутуучу пропагандалык иш-аракеттерге барган учурда, экстремисттик мүнөздү өз ичине камтыйт.

**Дүйнөлүк диндердин байыркы, канондоштурулган жана классикалык китептери эреже боюнча, соттук экспертизага жатпайт. Мисалы: Куран, Библия, Торат, Забур.**

Дин таануу экспертизасынын алкагында материалды талдоодо экспертке коюлган суроолорду жана материалдын мазмунун эске алуу менен төмөнкү изилдөө ыкмалары колдонулат:

1. Казуалдык анализ
2. Тарыхый-салыштырмалуу усул
3. Типологиялык усул же классификация методу
4. Контекстуалдык усул

Экстремизм бул XXI кылымдын башында пайда болгон социалдык кубулуш болуп саналат. Эгерде илимий багытта бул терминди сөздүктөргө таянуу менен түшүндүрмө беришсе, дин таануу эксперттери бул багыт боюнча мыйзам кабыл алынгандан баштап укуктук термин болуп саналып калды. Бул термин КРнын Жазык Кодексинин 196, 239, 242, 264.3, 310, 313, 385-беренелеринин жана КРнын “Экстремисттик ишмердүүлүккө каршылык көрсөтүү жөнүндө” Мыйзамында чагылдырылган.

Дин таануу экспертизада диний экстремизимдин маани маңызын жана бул категориядагы тексттин дин таануу өзгөчөлүгүн ачып беребиз.

Тажрыйба көрсөткөндөй текст-объект катары ар кандай багыттагы материалдарга изилдөө жүргүзүлөт.

Изилдөөгө келип түшкөн материалды “болжолдуу экстремисттик мүнөздөгү тексттер” деп кабыл алабыз, себеби юридикалык баа берүү менен гана “экстремисттик” деген статуска ээ болот. Болжолдуу диний экстремисттик мүнөздөгү тексттерди толук талдоо үчүн көбүнчө комплекстик дин таануу, лингвистикалык жана психологиялык экспертизаларды жүргүзүү зарыл.

Методиканын объектиси катары болжолдуу экстремистик мазмундагы конфликттик текстерге дин таануу экспертиза жүргүзүү болуп саналат. Ал эми предмети катары дин таануу экспертизанын жалпы принциби, методикасы, терминологиялык аппараты болуп саналат.

Дин таануу экспертиза жүргүзүүдө экспертизанын принциптери, объектинин өзгөчөлүктөрү, предмети, методдору, терминологиялык бирдейлик сыяктуу талаптар сакталса, экспертизаны жүргүзүүдөгү каталардан сактанууга болот.

### 3.1. Соттук дин таануу адистеринин чечүүсүнө коюлуучу типтүү суроолор

1. Изилдөөгө берилген материалдарда Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердүүлүгүнө тыюу салынган уюмга/агымга таандык маалыматтар же белгилер (символика, атрибутика) барбы?
2. Изилдөөдө берилген материалдарда (китептерде, журналдарда, брошюраларда жана аудио-видеожазууларда) диний ишенимине карата кастыкты козутуучу маалыматтар камтылганбы?
3. Берилген материал кайсы динге (конфессияга, агымга) таандык?
4. Объектинин тигил же бул динге (агымга, конфессияга) таандык экендигин кайсы белгилер боюнча аныктоого болот?
5. Берилген материалдын жалпы багыты жана негизги мазмуну кандай?
6. Изилдөөгө берилген материалда кайсы диндин (агымдын, конфессиянын) символдору жана атрибуттары бар? Символдордун мааниси эмнеде (кандай)?

7. Материалдар диний мүнөздөбү?
8. Көрсөтүлгөн диний терминдер жана түшүнүктөр берилген текстте кандай мааниде колдонулган?
9. Берилген материал кайсы диний уюмга таандык?
10. Изилдөөгө берилген тексттерде ар кандай конфликттерге шарт түзгөн же кастыкка багытталган ишмердүүлүктүн диний өбөлгөлөрү барбы?
11. Берилген материалдарда жарандын динге карата мамилесине же диний көз карашына жараша аны кемсинткен белгилер барбы?
12. Берилген материалдарда адамдарды диний көз карашына же ишенимине жараша жарандык милдеттерди аткаруудан баш тартууга түрткү берген же үндөгөн, ынандырган белгилер камтылганбы?
13. Изилдөөгө берилген материалдарда диний же диндер аралык кастыкты козутуучу маалыматтар барбы?
14. Изилдөөгө берилген сурак протоколунда /жарандын көрсөтмөсүндө Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердүүлүгүнө тыюу салынган уюмга таандык маалыматтар камтылганбы?
15. Берилген материалдарда жарандын динге болгон мамилесине байланыштуу аны басмырлоонун жана кодулоонун диний белгилери барбы?
16. изилдөөгө келген материалдарда улуттук каада-салтты жана динди карама-каршы коюуга багытталган маалыматтар камтылганбы?
Эксперт, өзүнө берилген бардык айтылган же жазылган тексттин мазмунуна тиешеси бар баардык объектилерди талдоого тийиш.

**Дин таануу экспертинин компетенциясына кирбеген суроолор:**
- кыймыл-аракетке укуктук баа берүү менен байланышкан (мисалы, “укугу бар беле”, “анын иш-аракети мыйзамдуубу” ж.б.у.с.) суроолор.
Эксперттин чечүүсүнө тергөө жана сот органдарынын компетенциясына кирген (мисалы, “тигил же бул адам экстремисттик аракет кылдыбы”, “анын жиберген тексти массалык баш аламандыкка негиз боло алабы?”) – деген суроолорго жол берилбейт.
- эксперттин адистигине шайкеш келбеген же компетенциясынан тыш суроолор (мисалы дин таанууучуга психология же лингвистика боюнча суроолор).

Экспертизаны дайындоо жоопкерчиликтүү мамилени, изилдөөнүн предметин туура аныктоо жана негиздүү токтом (аныктама) жазуу үчүн кылмыш жана жарандык иштердин материалдарын кылдат окууну талап кылат. Экспертиза жүргүзүүнүн олуттуу проблемаларынын катарына методикалык ыкмаларга, илимий аппаратка, эксперттердин компетенциясынын чегине байланыштуу көйгөйлөр кирет. Ушул айтылгандар эске алынганда гана эксперттик корутунду айкындык, аныктык жана

ишенимдүүлүк талаптарына жооп берип, жыйынтыгы кылмыш ишинин адилеттүү каралышына жетиштүү өбөлгө түзүлмөкчү.

### 3.2. Соттук-дин таануу экспертиза дайындоодогу мүнөздүү каталар

Экспертиза дайындоодогу типтүү каталар шарттуу эки түргө бөлүнөт:
- формалдуу каталар;
- предметтик/ процессуалдык каталар.

**Формалдуу каталарга** тергөө же сот органдары тарабынан экспертиза дайындоо тууралуу токтомдо/аныктамада кетирилген каталар кирет.

Мисалы: 1) эксперттик мекеменин аталышы. Бул ката материалды аткаруусуз кайтарууга негиз болот. Экспертиза жүргүзүлүп, аткарылган күндө деле бул корутундуну далил катары баалоодо ишке катышкан жактар тараптан суроо жаралышы ыктымал.


2) экспертизанын туура эмес классификацияланышы. Экспертизанын бир түрү боюнча экспертиза дайындалып, ал эми коюлган суроолор башка, (тергөөчү же сот окшош деп эсептеген) экспертиза чече ала турган суроо коюлган учурлар кездешет. Дин таануучу экспертке маданият тармагы боюнча суроолор коюлат. Азыркы учурда экспертизанын бир нече классификациясы бар. Алардын ичинен предметке, объектиге жана милдетке жараша классификация эң кеңири таралган жана практикалык жактан көп колдонулат. Ошондуктан тергөө же сот органдары экспертиза дайындоодо экспертизанын жаңы түрлөрүн ойлоп таппастан (мисалы, социологиялык-дин таануу же теологиялык, ж.б.) дин таануу экспертизасын дайындоо максатка ылайыктуу болот.

**Экспертизанын укуктук статусун туура эмес баалоо. Мыйзамда кайсы учурларда кайталанма, кошумча, комиссиялык жана комплекстүү экспертиза дайындалаары так жазылган. Тилекке каршы, практикада бир түрдүү экспертизага муктаж объектиге комплекстүү же тескерисинче, бир**

**нече адистикти талап кылган (комплекстүү) учурларда бир түрдүү экспертиза дайындалган учурлар да кездешет. Ал тургай баштапкы**

**экспертиза болсо деле, кошумча, кайталанма жана комплекстүү комиссиялык экспертиза дайындалган учурлар да кездешет.**

**Предметтик** (кээде аларды процессуалдык деп да аташат) каталарга соттук экспертизанын предметине жана мазмунуна байланыштуу жаңылыштыктар кирет. Мындай каталар көбүн эсе туура эмес берилген суроолор болуп эсептелет. Экспертке берилген суроону конкреттештирүү максатка ылайыктуу. Процессуалдык каталарга төмөнкүлөр кирет:




Процессуалдык каталарга экспертизаны дайындоодо алардын түрүн жана тибин алмаштырып жазуу кирет:

(мисалы, токтомдун/аныктаманын аталышында жана баяндоо (констатациялоочу) бөлүгүндө комплекстүү дин таануу-лингвистикалык экспертиза дайындоо деп, ал эми токтом кылуучу (резолютивдик) бөлүгүндө комиссиялык дин таануу экспертиза дайындоо).

Ошол эле учурда төмөнкү жагдайларга айрыкча көңүл бөлүү зарыл:

а) эксперттин чечүүсүнө коюлган суроолор аныкталуучу фактыны даана көрсөтүүгө, эки ача, кош мааниге ээ эмес болууга жана эксперттин компетенциясынан чыкпоого тийиш;

б) токтомдо/аныктамада материалдардын аныктыгына шек келбеш үчүн экспертизанын объектисинин жекече же идентификациялык белгилери, сыпаттамасы жана таңгакталышы көрсөтүлүшү зарыл;

в) эгер экспертиза эксперттик эмес мекемеде өткөрүлсө, анда эксперттин компетенттүүлүгү жана аны четке кагууга (баш тартууга) негиздер жок

экендиги алдын ала аныкталууга тийиш. Бул жагдай экспертиза дайындоо жөнүндөгү токтомдо чагылдырылышы керек.

**СУРООЛОР:**

1. СДТЭ обьектиси?
2. СДТЭ түрлөрү?
3. Баштапкы соттук экспертиза.
4. Кайталанган соттук экспертиза.
5. Комиссиялык соттук экспертиза.
6. Комплекстүү соттук экспертиза.
7. Кайсы учурларда корутунду берүү мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүү түзүлөт?
8. Материалдарды аткаруусуз кайтарып берүү?
9. Соттук эксперттин өтүнүчү?
10. Соттук-дин таануу экспертиза дайындоодогу мүнөздүү каталар?
11. Дин таануу изилдөө методологиясынын принциптери?
12. Дин таануу экспертинин компетенциясына кирбеген суроолор?
13. Дин таануу изилдөөдө колдонулган методдор?